Бекитемин

Мектеп директору:

____________ Дүйшенбиева Т.Б.

«15» сентябрь 2021-2022-жж

**Д.Бейшенов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин окуу процессинин катышуучуларынын жүрүм-турумунун этикалык ченемдери 2021-жылдын 23-августундагы №1 педагогикалык кенешмеде талкууланган.**

## Адеп кодекси.

### *Окуучуларга карата:*

- Окуучуларымдын кызыкчылыгы дайыма эсимде;
- Улутуна, жынысына, материалдыки абалына карабай, баарына бирдей мамиле кылып окутам;
- Окуучулардын , интеллектуалдык, руханий адеп-ахлактык өнүгүүсүнө шарт түзө билүү ;
- Билим берүү министирлигинин стандарттары жана анын аткарылыштарын дайым сактайм ;
- Окутуу-тарбиялоо процессинде стадартта көрсөтүлгөндөй так баалоого таза мамиле жасайм;
- Классска ар дайым жагымдуу атмосфера түзгөнгө аракет кылам;
- Адамдар ортосундагы мамиледе мыкты жол көрсөткүч болом;
- Окуучулар арасында субординация болушун колдойм;
- Билим-тарбия берүүдө окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алам;
- Зыяндуу адаттардан кутулуп, пайдалуу адаттарды калыптандырууга үлгү боло алам;
- Окуучулардын табигый шык-таланттарына, жөндөмүнө жараша багыт берем;
- Окуучулардын ден-соолугун, психикалы кабалын, мүнөзүн эске алуу менен мамиле жасайм.
- Ата-энелер менен тыгыз байланышта болом.

## *Кесиптештерге карата ;*

- Кесиптештеримдин өздүк өзгөчөлүктөрү, ой-пикирлерин кадырлайм;
- -Сөзүм, жүрүм-турумум, билимим жакшы көз караш калыптандыргандай иш-аракет жасайм
- - Мектеп жетекчилиги тарабынан берилген тапшырмаларга жоопкерчиликтүү мамиле жасайм;
- - Өз ара сабактарга катышам;
- -Ишке байланыштуу сын-пикирлерди туура кабылдайм;
- - Олутуу маселени чечип жатканда башкалардын ой-пикирин туура кабылдайм;
- -Өз ара пикир келишпестиктер болбош үчүн сабырдуу болом;
- -Мектепке эмгектенген баардык кызматкерлерге бирдей мамиле жасайм;
- - Кесиптештеримдин өздүк, жеке,социалдык маселелерине кайдыгер мамиле жасабай колумдан келген жардамды берүүгө аракет жасайм;

## *Жеке жоопкерчилик боюнча:*

- Кесибиме байланыштуу эрежелерди сактайм;
- -Педагогикалык кесипке жарашыктуу жалпы интеллектуалдык маалыматка ээ болом;
- -Окуучу, ата-эне, кесиптештерим менен жакшы мамиле түзүүнүн жолдорун изденүү менен мамиле жасайм;
- -Убакытты туура пайдаланып,пландуу иш жүргүзөм;
- - Кесиптештерим менен тажрыйба алмашып иштөөнү, ийгиликтин ачкычы деп эсептейм;
- -Окуучуларга мотиватор болуунун техникасын өздөштүрөм;
- - Мектепте, коомчулукта жана башка жерлерде жүргөндө мугалимдики статусумду сактайм;
- -Айткан сөз менен кылган ишим төп келет;
- -Кесибиме байланыштуу маалыматты сыртка чыгарбайм;
- -Дин, ата-мекен, жана тил сыяктуу баалуулуктарга сыйлоо менен мамиле жасайм.